**«Скай Мобайл» ЖЧКсынын потенциалдуу абоненттеринин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө макулдугу**

Мен, ___________________________________(ФАА), ИЖН (ИНН)_____________________, ___ сериясындагы № ___________________ _____________________ (документтин түрү) _____________________тарабынан берилген өздүгүн акныктоочу документтин ээси, _________________________дарегинде жашаган, байланыш телефонум: ______________________, Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар жана аларды коргоо жаатындагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык, "Скай Мобайл" ЖЧКсынын (мындан ары – "Оператор"), расмий сайты www.beeline.kg (Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 115), потенциалдуу абоненти катары менин жеке маалыматтарымды чогултууга жана иштеп чыгууга, аларды жазууга, сактоого, актуалдаштырууга (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоштурууга, бөгөттөөгө, жок кылууга; менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга, анын ичинде идентификациялоонун мамлекеттик тутумунун маалымат базасынын кармоочусун кошо алганда, «Beeline Agent» же «Мой Beeline KG» мобилдик колдонмосунда (мындан ары – "Колдонмо") персонификациялоо (каттоо) максатында, төмөнкү тизмеге ылайык берүүгө макулдугумду беремин:

- Колдонмодо персонификациялоо учурунда (каттоодо) пайдаланылуучу телефон номери;
- аты-жөнү, ПИН (ИЖН), жашаган дареги, ким экендигин тастыктаган документтеги маалыматтар;
- өздүгүн аныктоочу документтин түп нускасынын алдыңкы жана арткы бетинин сүрөтү;
- жүзүнүн фото сүрөтү бар инсандыгын ырастоочу документтин түп нускасы менен бирге түшкөн сүрөт;
- байланыш маалыматтары, колтамгасы.

Мен ушуну менен төмөнкүлөр менен тааныштым, билем, тастыктайм жана макулдугумду билдирем:

- бул макулдук менин жеке кол тамгам менен кол койгон кагаз жүзүндөгү документке барабар электрондук документ болуп саналат жана менин жеке маалыматтарымды Оператор тарабынан берүүгө жана пайдаланууга эркин, сөзсүз жана аң-сезимдүү эркимди билдирем;

- мен Оператордон жөнөкөй электрондук колтамга менен таанылган коду бар SMS-билдирүүсүн алууга макулмун;

- SMS-билдирүүдөн алынган кодду киргизүү менин ушул документтин шарттарына макул болгонумду тастыктоо болуп саналат;

- жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдугумду сатуу офисинде жана Оператордун тейлөөсүндө эркин формада берилген жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде кайра чакыртып алууга болот. Макулдугумду кайтарып алган учурда, мындай учурда Оператор тарабынан байланыш кызматтарын көрсөтүү мүмкүн эместигин түшүнөм.

Мен жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболору, анын ичинде менин жеке маалыматтарымды чогултууга жана иштеп чыгууга жеке маалыматтар субъектисинин макулдугун алуу тартиби менен таанышканымды ырастайм. Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктары жана милдеттери мага түшүнүктүү. Менин толук эмес маалыматтарды бергендигимдин кесепети укуктук мамилелердин келип чыгышынан жана түзүүдөн баш тартууга, ошондой эле атайылап жалган маалыматтарды жана/же документтерди берүү Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарында белгиленген кылмыш-жаза жана башка жоопкерчиликке алып келет. Муну менен мен жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жакка берүү зарыл болгон учурда Оператор жогоруда көрсөтүлгөн иш-аракеттерди аткаруу үчүн мен жөнүндө маалыматты жана менин жеке маалыматтарымды ушундай үчүнчү жактарга жана башка ыйгарым укуктуу жактарга зарыл көлөмдө ачып берүүгө, ошондой эле көрсөтүлгөн адамдар тарабынан маалыматтардын купуялуулугу тийиштүү түрдө сакталган шартта, мындай адамдарга мындай маалыматты камтыган тиешелүү документтерди берүүгө укуктуу экендигин моюнга алам жана ырастайм.

Бул макулдук бир жолу берилет жана Оператор менин жеке маалыматтарымды алган учурдан тартып кандай болбосун мөөнөткө жана “Скай Мобайл” ЖЧКда кызмат көрсөтүүнүн бүткүл мезгили үчүн жарактуу болуп саналат.